**БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ**

**БИРИНЧИ МАЙ РАЙОНУНУН №54 ЖАЛПЫ БИЛИМ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ**

**УПРАВЛЕНИЕ ОБРАЗОВАНИЯ МЭРИИ ГОРОДА БИШКЕК**

**СРЕДНЯЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ШКОЛА №54 ПЕРВОМАЙСКОГО РАЙОНА**

**Буйрук** | **Приказ**

04.09 2021-жыл №11/6 Бишкек ш.

**“КР “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына ылайык педагогдордун милдеттеринин сакталышы боюнча ”**

Кыргыз Республикасынын «билим берүү жөнүндө» мыйзамынын негизинде КР Билим берүү жана илим министрлигинин 15.12.2017-ж №1548/1 буйругун аткаруу максатында буйрук кылам:

1. Билим берүү тармагында эмгектенген мугалимдердин жүрүм турум нормаларын сактоо адеби боюнча комиссия түзүлсүн( мугалимдер, ата энелер коомчулугунан менен бирге);
2. Мектепте окуучунун ар тараптуу инсандык өнүгүүсүнө багытталган коопсуз жылуу жумшак маанайда шарт түзүлсүн;
3. Окуучуларга билим тарбия берүүдө зордук зомбулук ыкмаларын колдонууга тыюу салынат(кыйкыруу, кол көтөрүү, басынтуу)
4. Окуу – тарбия процесси мыйзам чегинде, окуучунун кызыкчылыгы эске алынып, окуучуну коомчулуктун тең укуктуу мүчөсү катары кабыл алуу, сыйлоо жана зордук зомбулуктан коргоо, анын мыйзам чегиндеги укугун жана эркиндигин камсыздоо менен түзүлсүн;

**Мугалимдер өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө төмөндөгүлөргө милдеттүү болушсун:**

5. Окуучуларды тарбиялоодо адептүүлүккө, ыймандуулукка, ата энени сыйлоого, маданий баалуулуктарды сактоого жана курчап турган чөйрөгө аяр мамиле жасоого үйрөтүүгө
6. Эмгек тартибин түздөн түз сактоого
7. Жамаат ичинде туруктуу жана позитивдүү моралдык-психологиялык абалды түзүүдө үлгү болууга
8. Кызматтык милдетин аткарууда мугалимдин кийимине, иш стилине ылайык болууга
9. Ар бир адамдын жаш өзгөчөлүгүнө, социалдык, кызматтык абалына карабастан анын укугун, намысын, адамкерчилигин сыйлоого
10. Кесиптик ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө жана кемчиликтерди жоюуда коомчулук тарабынан айтылган сын пикирге сабырдуулук менен мамиле жасоого

11. Кесиптештеринин ичинде мугалим моралдык этиканын нормаларын сактоого милдеттүү
12. Мугалимдердин моралдык- этикалык нормаларды сактоо эрежелери педагогикалык кеңеште каралып, талкуулансын.
13. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү ОТИ б/ча директордун орун басары Джумакова К.М. милдеттендирилсин.

Директор: Илиясова Ж. Т.